# Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 26-май 2021-жылындагы №8 педагогикалык кеңешмеси

Кеңешменин төрайымы: мектеп директору Д. Т. Сарытаева

Катышканы: 30 мугалим, келбегени: 2 мугалим

Токтогул атындагы №6 орто мектебинде 2021-жылдын 26-майда кезектеги педагогикалык кеңешмеси болуп өттү.

## Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 1-11-класстарды класстан класска көчүрүү
2. Мектептеги алдынкы мугалимдерди мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү

**Угулду:** Экинчи маселе боюнча сөздү мектеп директору Сарытаева Д. Т. сүйлөдү:

- Урматтуу мугалимдер, мектептеги алдынкы мугалимдерди мамлектеттик сыйлыктарга көрсөтүү үчүн быйылкы окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси жана Ардак грамотасына татыктуу мугалимдерди көрсөтүүнүздөрдү сунуштаймын.
-

## Жарыш сөзгө чыккандар:

### 1.Башталгыч класстардын окуу бөлүмүмүнүн башчысы -Тойгонбаева Б.И. төмөнкүлөрдү сүйлөдү:

- Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер, сиздерди 2020-2021-окуу жылынын ийгиликтүү аякташы менен куттуктайм. Дайыма бар болуңуздар, аман болуңуздар! Башталгыч класстардын мугалимдери арасынан мектептеги алдынкы мугалимдерди мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү үчүн быйылкы окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине Абдыкадырова Гаваркан Аскаровнаны жана Ардак грамотасына Жалалова Алтынай Жамаловнаны татыктуу деп эсептеймин. Анткени жогорудагы аты аталган мугалимдер бул мектепте көп жылдан бери жемиштүү эмгектенип келе жатышат. Бул мугалимдер мектептеги жана мектептен тышкаркы иштерге дайыма активдүү катышышат. Ушул мугалимдерди көрсөтүүнүздөрдү сунуштаймын.

### 2. Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин жетекчиси- Адылбекова Б.Ч. сүйлөдү

Мен дагы жогорудагы Абдыкадырова Г.,жана Жалалова А.эжекелерди ушул көрсөтүлгөн сыйлыктарга татыктуу деп эсептеймин.

### 3. Мектеп директору Сарытаева Д. Т. сүйлөдү:

Урматтуу мугалимдер! мен дагы жогорудагы эки мугалимдин эмгектерине жетекчи катары күбө болуп келе жатамын. Ушул мугалимдерди көрсөтүлгөн сыйлыктарга татыктуу деп эсептеймин.

Жогорудагы маселелерге алымча, кошумча болгон жок.

Баары бир добуштан макул болушту.

**Жогорудагы 2-маселени талкуулап, педагогикалык кенешме чечим кылат:**

2.2020-2021-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине Абдыкадырова Гаваркан Аскаровнаны жана Ардак грамотасына Жалалова Алтынай Жамаловна көрсөтүлсүн.

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директору: Д.Т.Сарытаева

Катчы: Чолпонбай кызы Э.

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директор алдындагы кеңешмесинин №12 протоколунан көчүрмө**

Кызыл-Кыя шаары 24-май 2022-жыл

Кеңешменин төрайымы- Сарытаева Д.Т.

Катчысы- Исмаилова Б.

Катышкан мугалимдердин саны- 35

Күн тартибиндеги маселелер:

3.Мектеп мугалимдерин сыйлыкка көрсөтүү

3.6.Шаардык кеңештин Ардак грамотасына көрсөтүү

Угулду: 3-маселе боюнча мектеп директору Д.Т.Сарытаеванын сөзу.

Урматтуу мугалимдер бүгүн республикалык,областтык жана шаардык деңгээлдеги сыйлыктарга татыктуу мугалимдерди көрсөтүп берсеңиздер.Мен шаардык кеңештин Ардак грамотасына башталгыч класстын мугалими Рамазанова Нурия Айнуловнаны сунуштайм,анткени ал биздин коллективде эмгектенген мезгил аралыгында кесибин сүйгөн,эмгекчил жана жоопкерчиликтүү мугалим экендигин далилдей алды.

Чыгып сүйлөдү:Усулдук бирикменин жетекчиси Адылбекова Б.Ч. Ал өз сөзүндө Рамазанова Нурия Айнуловна өтө көп жылдардан бери талыкпастан агартуу тармагында эмгектенип келе жаткандыгын,канчалаган окуучуларды ийгиликтүү бүтүрүп,алардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгондугун айтты.

Чыгып сүйлөдү: Башталгыч класстын мугалими Осмонова Г.К.

Урматтуу кесиптештер,биз көп жылдар бою Нурия Айнуловна менен бирге эмгектенип келе жатабыз.Ал өз кесибин сүйгөн,балдар үчүн жан-дилин берген мугалим экендиги баарыбызга маалым.Ошондуктан анын мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөнүн туура деп эсептейм.

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып,директор алдындагы кеңешме №12/6 протоколдун негизинде чечим кылат:

3. Кызыл-Кыя шаарынын Токтогул атындагы №6 орто мектебинин башталгыч класстын мугалими Рамазанова Нурия Айнуловна Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын Ардак грамотасына көрсөтүлсүн.
4. Ушул чечимди колдоо жана бекитип берүү жагы Кызыл-Кыя шаардык билим берүү бөлүмүнөн суралсын.

Кеңешменин төрайымы: Сарытаева Д.Т.

Кеңешменин катчысы: Исмаилова Б